Бекитемин:

№1 ЖББГИнин директору

Байматов Н.Б.

"____" __________20____ ж."

# А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия- интернатында окуучулардын окуу кабинеттериндеги жүрүм-турум эрежелери

## ОКУУЧУЛАРДЫН КАБИНЕТТЕГИ ЖҮРҮМ- ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ

1. Сабак жана түштөн кийинки өз алдынча сабактарга даярдантуу башталганга чейин 10 минута мурда предметтик мугалимдер, тарбиячылыр тарабынан окуу кабинеттери ачылат.

2. Окуу кабинеттерине кирип-чыгууда Гимназия-интернаттын Уставында жазылган ички эрежелеринин жана жалпы окуучулардын милдеттеринин аткарылышы талап кылынат.

3. Окуучулар класс жетекчиси, тарбиячысы белгилеген отуруу тартибине ылайык өз ордуңа отуруусу керек.

4. Мугалимдин, тарбиячынын уруксатысыз башка жакка көчүүгө тыюу салынат.

5. Сабакка керектүү окуу куралдары толук болууга тийиш (китеп, дептер, калем, карандаш, түстүү карандаш,сызгыч,өчүргүч,күндөлүк ж.б.) Сабакта ашыкча эч нерсе болбошу керек.

6.Сабак, өз алдынча сабактарга даярдантуу учурунда мугалимдин, тарбиячынын көрсөтмөлөрүн, мыйзамдуу талаптарын так аткаруу керек.

7. Жумуш ордуңда тартип сакталуусу зарыл.

8. Сабактын жүрүшүндө классташтарынан, башка окуучулардан жазуу материалдарын сурап алагды кылууга болбойт.

9. Танаписте тартипти сактоо керек.

10. Кабинеттеги эмеректерге этият мамиле кылуу зарыл.

11. Столдорду айланып чуркоого тыюу салынат.

12. Уруксатсыз терезелерди ачууга жана терезенин алдына отурууга болбойт.

13. Тешүүчү жана кесүүчү нерселер (компас, ийне, кайчы) менен ойноого, балдардын өмүрүнө коркунуч туудурган бөтөн нерселерди колдонууга тыюу салынат .

14. Ар бир танаписте дежур окуучулар кабинетти желдетип туруулары керек.

15. Мугалимдин, тарбиячынын уруксатысыз жумуш ордун которуга болбойт.

16. Сабак, өз алдынча сабактарга даярдантуу аяктагандан кийин дежур окуучулар кабинетти тазалоого, досканы сүртүүгө милдеттүү.

17. Эгерде электр түзүлүштөрүндө, класстын башка жабдууларында

бузулуулар аныкталса, ошондой эле өрт, коопсуздук эрежелери бузулса,

окуучулар жабыркаса, бул тууралуу мугалимге токтоосуз кабарлоо керек.

18. Окуу кабинеттен сыртка чыгуу зарылдыгы (дааратканага баруу, өзүн начар сезүү, сырттан чакырыктар) келип чыкканда мугалимдин уруксаты менен жана класс жетекчи, тарбиячы же дежур мугалимдин коштоосунда чыгуусу керек.

19. Өрт учурундагы тартип: кабинеттен эвакуациялоо мектепти эвакуациялоо

планына ылайык жүргүзүлөт;

* Эвакуация төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлүшү керек:

-окуучулар дубал катарда, ортоңку катарда, терезе катарларында;

- класстан чыкканда сабырдуулукту, уюшкандыкты жана тартиптисактоо.

20.Кабинеттеги техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо керек.